

# Керектүү нерселердин тизмеси

Бул сатып алуу тизмесине окшош жөнөкөй тизме. Анда аял коопсуздугу үчүн үйүнө келе албай калганда зарыл болгон нерселер, керектүү документтердин жана нерселердин тизмеси бар.

**Үй-бүлөлүк зомбулук кырдаалында үйдөн чыгып жатканда, биринчи кезекте өзүңүздүн жана балдарыңыздын коопсуздугун камсыз кылуу маанилүү. Бирок даярданууга мүмкүнчүлүгүңүз болсо, төмөнкү нерселерди алдын ала чогултуп, аларды оңой ала турчу, бирок эч ким билбеген жашыруун жерде, мисалы, курбуңузда жана/же кошунаңызда сактоого калтырып коюңуз.**

## 1. Документтер

- Паспорт жана/же өздүк картаңыз
- Балдардын туулганы тууралуу күбөлүктөрү/паспорттору
- Айдоочулук күбөлүк
- Нике/ажырашуу тууралуу күбөлүк
- Диплом
- Сертификаттар
- Камсыздандыруу полистери
- Үйдүн же батирдин документтери/кызыл китеп
- Өзүңүздүн жана балдарыңыздын медициналык карталары
- Башка маанилүү документтер (пенсия картасы, майыптуулук картасы ж.б.).

# 2. Акча жана баалуу буюмдар

- Накталай акча
- Банктык карталар
- Зер буюмдар (аларды күрөөгө коюп же сата аласыз)

# 3. Ачкычтар (дубликаттары)

- Үйдүн/батирдин
- Бөлмө эшиктеринин
- Автоунаанын
- Почта кутусунун же баалуу буюмдар сакталган кутучанын

## 4. Байланышуу каражаттары

- Мобилдик телефон
- Кошумча эч ким билбеген номери бар телефон
- Заряддагыч
- Компьютер/Ноутбук
- Маанилүү номерлер жана даректер жазылган дептер
- Кагаз
- Калем

Кайда барам?

# 5. Дары-дармектер

- Дары сатып алууга берилген рецепттер
- Ооруну басуучу дарылар
- Антисептик
- Жараны байлагыч/чаптагыч
- Көз айнек жана/же контакт линзалар (эгер тагынсаңыз)
- Гигиена каражаттары (самын, тиш щеткасы, тиш пастасы, кол аарчы, тырмак алгыч, тарак)

Кайда барам?

# 6. Жеке буюмдар

- Өзүңүзгө жана балдарыңызга жылуу кийим
- Байпак жана ичким кийим
- Өнөктөшүңүз такыр көрбөгөн жаңы кийим
- Жашынуу үчүн жасалма чач (парик)
- Башты ороп жапкан жоолук же шарф
- Кара көз айнек
- Ыңгайлуу баштык же рюкзак

# 7. Өзүңүздү коргоо каражаттары

- Ышкырык
- Калемпир спрей

Баарын алдын ала даярдап, эч ким билбеген коопсуз оңой алып кете алчу жерге сактап коюңуз.